**Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин**

**2022-2023-окуу жылындагы соц.педагогдун**

**1-жарым жылдыктагы отчету.**

Социалдык педагогдун программасына ылайык баланын жашоосунда көйгөйлүү кырдаалдардын пайда болушуна жол бербөө. Билим алуусуна, эс алуусуна, баарлашуу маданиятын калыптандырууга шарт түзүп берүү. Мектепте окуучулар арасында укук бузуулардын жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча 1- жарым жыл ичинде төмөнкү багыттар боюнча төмөндөгүдөй иштер жүргүзүлдү.

1. Алдын алуу функциялары.
2. Уюштуруу функциялары.
3. Коргоочу- коопсуздук функциялары.

**Максаты:**

Баланын социалдык жашоонун субъектиси катары ийгиликке жетишүү үчүн шарттарды түзүп жана турмушта өз ордун табууга тарбиялоо.

**Милдети:**

1.Жалпы билим берүүчү мектептерде социалдык педагог жана бала менен үй-бүлөнүн,социалдык чөйрөнүн,социалдык кызматтардын,ведомостволордун,укук коргоочу жана административдик органдардын ортосунда араачы катары иш жүргүзөт,турмуш тиричиликтин орчундуу маселелерин чечүүдө балдардын кызыкчылыктарын коргойт.
2. Окуучулардан социологиялык сурамжылоо жүргүзөт,балдардын жашоо шартын аныктап,иликтейт.
3. Балдар менен ата-энелердин мамилесин жакшырышына көмөктөшөт.
4. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга, өз милдеттерине аң-сезимдүү мамилесин калыптандырууга,балдардын ата-энелери менен баарлашууда пайда болгон көйгөйлөрүн чечүүгө да көмөктөшөт.

5. Окутууда пайда болгон көйгөйлөрдү аныктоо максатында окуучулар менен ата-энелердин баарлашуу жана тарбиялоо боюнча социалдык-педагогикалык диагностика жүргүзүп,балдарды туура жолго түшүүгө жардам берет.
6. Класс жетекчилер менен жана ИДН инспектору, УСР, ЦСМ кызматкерлери менен бирге иш алып барат,балдардын көйгөйлөрүн чечет.

**Алдын алуу функциясы:**

-баланын үй-бүлөдө, мектепте өнүгүү шаарттарын изилдөө, анын инсандык өнүгүү денгээлин аныктоо;

-психалогиялык жана физикалык абалы, үй-бүлөнүн социалдык абалын аныктоо;

-ата-энелерге, мугалимдерге укуктук психалогиялык, педагогикалык жардам берүү;

Негизги иш аракеттер:
Бардык балдардын социалдык жана жеке көйгөйлөрүн аныктоо максатында социалдык-педагогикалык изилдөөлөр. Баланын укуктарынсоц.пед. жактан кргоо. Окуучунун инсандыгын калыптандырууда үй-бүлөгө соц.педагогикалык колдоо көргөзүп, консультация берүү.

**Уюштуруу функциясы**

1.УСРдин, ИДНдин инспекторлорун, дарыгерлерди чакыруу менен тематикалык консультацияларды уюштуруу.
2.Ата-энелер, мугалимдер жана окуучулар менен жекече жыйналыштарды өткөрүү.
3.Үй-бүлөлөрдү жана балдарды социалдык жактан коргоо боюнча жергиликтүү бийлик органдары жана укук коргоо органдары, коомдук уюмдар менен байланыш жүргүзүү.
4.Пландын негизинде иш алып баруу.

**Коргоо жана коопсуз функциялары**

1.Үй-бүлөлөдөгү көйгөйлөр жана конфликтик кырдаалдар жөнүндө маалымат базасын түзүү.
2.Конфликттик кырдаалдардын катышуучулары менен жекече баарлашуу, чыр-чатактар болгон учурда балдардын, ата-энелер жана мугалимдер менен байланышын камсыз кылуу.

**Социалдык педагогдун ишмердүүлүгү.**

Сентябрь айындагы социалдык педагогдун ишмердүүлүгу мектептин соц.паспорту түзүлүп, соц.категориядагы балдарды аныктоо болду. Айыл өкмөттүн соц.кызматкери Сейдакматова А. жана класс жетекчилердин чогулткан маалыматынын негизинде түзүлгөн.

2022-2023-окуу жылына түзүлгөн соц.паспорт.

| № | Категория | 2022-окуу жылы | 2023-окуу жылы | Себеби |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Көп балалуу | 2 | 2 | |
| 2 | Аз камсыз | 2 | 2 | |
| 3 | Мектепте окуган ОВЗ | | | |
| 4 | Үйдө окуган ОВЗ | 1 | 1 | |
| 5 | Жетим окуучулар | | | |
| 6 | Камкорчу | 2 | 2 | |
| 7 | Жарым жетим | 1 | 1 | |
| 8 | Толук эмес үй-бүлө | | | |
| 9 | Ата-энеси мигрант | 1 | 1 | Ата-энеси келди |
| 10 | Тобокел тобундагы окуучулар | | | |
| 11 | Ата-энеси ОВЗ | | | |
| 12 | Мектепте учетто турган окуучулар | - | - | |
| 13 | ИДН де учетто турган | - | - | |

Соц.категориядагы окуучулардын саны 174, 57 үй-бүлө.

Коопсуз билим берүүнү камсыз кылуу үчүн төмөнгүдөй иш аткарылды.

| | | |
|---|---|---|
| Алдын алуу максатында | 1.1-сентябрь “ Билим күнү!”линейка болуп өттү. Жол кыймылынын эрежелерин сактоо, мектеп окуучуларынын жолдо, | Сентябрь |

| | | |
|---|---|---|
| ИДН,ЖЖЭ ЗОЖ | көчөлөрдө коопсуз жүрүм-турумуна байланыштуу көндүмдөрдү колдонуу. ЖЖЭ нин жардамы менен.<br><br>2.Адамга тамеки, спирт, баңги заттардын организимге тийгизген таасири жөнүндө маалымат берүү. Мектеп жана дарыгерлердин жардамы менен иш жүргүзүлдү.<br>-Жолдо жүрүм-турум эрежелери;<br><br>- Тамеки, насывай, ичимдик ичкен, ПАВ колдонгон окуучулар сентябрь айында байкалган жок. | Сентябрь |
| Уюштуруу функциясы | 1. 5-сентябрда пед.коллективди соц.категориядагы окуучулар менен иш алып баруусуна жана соц.паспорт толтурууга туура багыт берип семинар өтүлдү. Семинарга 11 класс жетекчи катышты. Ар бир класс жетекчи окуучулардын соц.паспортун толтуруп, соц.категориядагы окуучуларды аныктап, тактап толтуруп беришти. Айыл өкмөттөн, ата-энелерден справкаларды алып, толуктап өткөзүштү.<br>2. Социалдык категориядагы окуучуларды коргоо боюнча иш алып баруу.<br>3. 3-9 ишеним телефону жөнүндө маалымат берүү.<br>4. Ата-энеси мигрант, жалгыз бой, жарым жетим окуучулардын үй шартын көзөмөлгө алуу максатында рейдке чыгуу.<br>5.1-4-класстар үчүн сүрөт конкурсу болуп өттү. **“Мен бактылуу баламын.”** | Сентябрь<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>Октябрь |

| | | |
|---|---|---|
| | Жакшы сүрөт тартткан окуучулар, теманы туура түшүнүп, туура тартып, тарткан сүрөттөрүн, өздөрү жактап айтып бере алышты.<br><br>“**Жетишкендик менин максатым**” деген темада семинар өтүлүп, семинарга 8-класстын ата- энелер катышып өз ойлорун айтып,баланын жетишкендиги ата-эненин колунда экенин айтып өтүштү. Балага туура багыт берип, максат коюп жана өз кесиптерин туура тандоого үйрөтүү жана бала менен көп маектешип, туура багыт берүү экендигин айтып өтүштү. | Октябрь |
| | **6.“ Менин үй-бүлөм**” деген темада көп балауу категориясындагы окуучуларга, кичи топтогу трениг өтүлдү. Бул тренингте үй-бүлөнүн барктуулугу, ыйыктыгы жана ата-эне, бир-туугандын керектиги, баа жеткиз жакын адамдар экендиги тууралуу маектешүү жана талаш тартыш болуп өтүү. Балдар тренингтин аягында “Менин үй-бүлөм” деген темада кыскача эссе жазышты. | Ноябрь |
| | 7 .**Адепсиздик-кылмыш, кылмыштын акыры жаза** деген тегерек стол өтүлдү. | Ноябрь |
| | 8. Тобокел тобундагы окуучуларды аныктоо, ата-энелерин мектепке чакырып, иш алып баруу.<br>Кл.жетекчилер күнүмдүк дептер ачып окуучу менен иштөө. | Декабрь |
| | 9.Соц. категориядагы окуучулардын үйүнө рейдке баруу. | Ай сайын |

| | | |
|---|---|---|
| | | |

**Рейддер мектеп ичиндеги коопсуздукту, тартипти сактоо максатында өткөрулду.**

| № | **Айы** | Рейддин себеби | Мазмуну |
|---|---|---|---|
| 1. | **Сентябрь** | Окуучулардын формасы. | Окуу жылы башталгандан баштап, мектеп ичинде окуучулардын формасы көзөмөлгө алынып, рейддер болуп жатты. Класс жетекчилер түшүндүрүү иштерин жүргүзүп ата-энелерге маалымат жеткирилди. |
| | | Окуучулар | Максаты: жашы жете элек өспүрүм курактагы окуучулардын арасында укук бузуулардын алдын алуу.<br>Окуучуларга мектептин эрежелери тууралуу маалымат берүү.<br>Административдик, кылмыш кодексттери менен тааныштыруу. |
| | | Окуу куралы | Окуу жылынын башында, окуучулар китеп менен камыз болушту. Кээ бир китептерге аренда төлөнө тургандыгын айтылды. Окуучалар окуу китептерин толук алып келип, сабакка катышкандыгы тууралуу рейд жасалды. Рейддин жыйынтыгында чоң класстын эркек балдарды китептерин калтырып койгондору маалым болду. Класс жетекчилери окуучулар менен иш жүргүзүп, кийинки күнү китептерин толук алып келишкен. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2. | **Октябрь** | Интернет | Максаты: Социалдык тармактарга көз каранды болгон, уюлдук телефонду туура эмес колдонгон окуучулар менен иштөө.<br>Октябрь айында сабакка тоскоол болуп, сабактан качып, бир бурчта телефон ойноп отурган окуучуларды көзөмөлгө алынды. Ошондй эле 6-9- класстарга рейд кылынып, телефондору текшерилди. Рейттин жыйынтыгында окуучулар телефон көп колдонуп, мугалимге тоскоол болгондугу маалым болду. Андай окуучулардын ата-энелери менен сүйлөшүү жүргүзүлүп, балдары тууралуу маалымат берилди. Ата-энелер жыйналышында балдарга сабак учурунда телефонго тыюу салынды. |
| | | Тынчсыздануусу күчөгөн балдарды аныктоо. | Максаты: тынчсыздануусу күчөгөн жана турмуштук оор кырдалга кабылган балдарды аныктоо.<br>Балдар менен соц.педагог, уюштуруучу завучу сүйлөшүү иштерин жүргүздүк. Көпчүлүк арасында, мектепте, улуу кишилердин жанында, өзүбүздү туура алып, туура сүйлөө, эмоцияга алдырбоо боюнча маек курулду.<br>Мектептин директору, соц.педагогу, уюштуруу завучу, ИДНдин кызматкери биргеликте ата-энелерге өз ойлорун сунуштады. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | • Үй-бүлөлүк жана ички көйгөйлөр болуп жатса, балдар менен ачык сүйлөшүү.<br>• Балдарыңыздарга жашоодо реалдуу максаттарды курууга жана умтулууга жардам берүү.<br>• Балдарыңызга сөзсүз түрдө кыйынчылыкты жеңүүгө жардам бериңиздер.<br>• Айыл ичиндеги атактуу адамдар менен кезигип, балдарды кошо сүйлөштүрүп, жакшы нукка түүшүгө жардам бериңиздер.<br>• Өсүп келе жаткан балдарыңыздарды көбүрөөк сүйүп, кунт коюп угуп, Эң негизгиси назик, боорукер ата-эне болуңуздар.<br>• Балдардын жүрүм-турумун жана сабакка катышуусун көзөмөлгө алып, байкап туруңуздар. |
| 3. | **Ноябрь** | Окуучулар | Окуучулар менен ар бир ай сайын, түшүндүрүү иштерин жургүзүп, Тыюу салынган, башка бирөөнүн буюмдарына тийбөө, жана мектеп ичиндеги буюмдарга аяр мамиле жасоо боюнча балдар менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатты. |
| | | Окуу куралдарын текшерүү | Окуучулардын окуу куралдарын жана күндөлүктөрүн карап, эмне себептен алып келген эместиги кл.жетекчисине жана ата-энелерине билдирилди.<br>Сабакка кечиккен окуучулар менен иш  жүргүзүлүп жатты. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Дежурный класстар өз милдеттерин так аткарып, тартип бузган, сабак ортосунда да кечиккен окуучуларды администрацияга билдирип, линейкада 3-жолудан кечигип, тартип бузган окуучулардын аты аталды. |
| | | Тыюу салынган буюмдар | Максаты: Балдардын өмурүнө коркунуч алып келген буюмдарды колдонбоо жана башка адамдарга зыян тийгизбөө.<br>Жыйналыштын жыйынтыгында балдар тыюу салынган буюмдарды мектеп алып келбейбиз деп сөз беришти. Үйдөн дагы кооптуу буюмдарды ата-энелер жокто колдонбош керек экендигин жеткиздик. |
| | | Уюлдук телефон | Максаты: уюлдук телефонду өз кызыкчылыгы үчүн колдонуп, туура эмес сүрөттөрдү, маалыматтарды таратып жаткан окуучуларга рейд кылуу.<br>Рейддин жыйынтыгында көп окуучулар жаман нерселерди көрүп, өздөрүнүн классташтарын тарткан окуучулар маалым болду. Ал окуучулардын ата-энелери менен сүйлөшүп, телефондорун алдырып салынды. |
| 4. | **Декабрь** | Окуу куралдары | Рейддин максаты: окуу куралдарына аяр мамиле жасоо жана таза, тыкан кармоого багыт берүү.(дептерлер, дневниктер)<br><br>Текшерген мугалимдер; соц.педагог, уюштуруучу завучу жана дежурный класстар. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 5-9-класстардын кээбир окуучуларынын китеп, дептерлери толгон эмес болуп чыкты. Ал окуучулар менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, класс жетекчисине билдирилди. Окуучуларды катуу көзөмөлгө алып, күнүгө окуу куралдарын текшерип турууну айттык. |
| | | Өспүрүм курактагы балдар | Максаты: өспүрүм курактагы балдардын туура эмес жолго түшүп, зыяндуу заттарды колдондурбоо.<br><br>Рейд кылган соц.педагог Мусаходжоев Э.<br>Рейддин жыйынтыгында эч нерсе табылган жок. |
| | | Көчөгө чыккан окуучулар | Максаты: Сабак учурунда жана түнкү убакта көчөгө чыгарбоо, көзөмөлгө алуу.<br>Рейд кылган мугалимдер, мектептин соц.педагогу Мусаходжоев Э. мектептин уюштуруу завучу Джамангулова К.Ж. ИДНдин кызматкери Люаров Р.<br>Тункү убакытта көчөгө чыккан окуучулар катталган жок. |
| | | Соц.категория | 15-декардан баштап онлайн режимде болуп сабак өтүлүп жатты. Сабакка убагы менен кире албаган окуучулардын үйүнө рейдке чыгып, кээ бир окуучулардын телефону жоктугуна, ата-энеси жумушка кеткендигине, байланыштуу болуп жаткандыгы тууралуу билдик. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Соц. категориядагы окуучулардын үй-бүлөлүк жашоо шартын аныктоо максатында, рейд кылынды. |

- 2023-жылдын 2-жарым жылдыгында ата-энелер менен коп чогулуштарды откозуу ИДН кызматкери менен иш алып баруу.Соц категориядагы балдардын ата-энелери менен тыгыз байланышта болуп уйлоруно рейдке барып туруу.

Мектепин директору : Касенова Б.Т

Мектептин соц.педагогу: Мусаходжоев Э.Ж